корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүү, дары-дармек, тамак-аш, калкка социалдык жардам көрсөтүү, стипендиялар) боюнча жүргүзүлөт.

7. 2022-жылдын 1-августундагы №266 УПга ылайык, Кемин шаарынын мэриясынын аппаратынын жана Кемин шаардык кеңешинин аппаратынын кызматкерлерине кызматтык маяналарына ай сайын 40% өлчөмүндө үстөк белгиленсин.
8. "Кемин-Тазалык" муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн ай сайын 9000 сом өлчөмүндө материалдык жардам, ар бир кызматкерге атайын тамак-аш сатып алуу үчүн ай сайын 9000 сом өлчөмүндө төлөм жана күз-кыш мезгилине даярдануу үчүн ар бир кызматкерге 6000 сом өлчөмүндө бир жолку материалдык жардам төлөө белгиленсин жана 2026-жылдын 6 айына эмгек акы төлөө фонду 6 874 900 (алты миллион сегиз жүз жетимиш төрт миң тогуз жүз) сомду түзсүн, анын ичинде 17,25% өлчөмүндөгү чегерүүлөр — 995 300 (тогуз жүз токсон беш миң үч жүз) сом.
9. Кварталдык комитеттердин төрагаларына келишимдик негизде ай сайын 5000 сом өлчөмүндө акы төлөө белгиленсин.
10. Нур айылынын кварталдык комитетинин төрагасына Нур айылынын маданият үйүнүн башчысы кызматына кошулганда ай сайын 10 000 сом келишимдик негизде төлөм белгиленсин.
11. Кемин шаардык аксакалдар сотунун төрагасына жана Кемин шаардык ОПЦнын төрагасына айына 500 сомдон, Кемин шаардык аксакалдар сотунун төрт мүчөсүнө айына 500 сомдон төлөнүп берилсин.
12. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы No 474 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөдө иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык Кемин шаарынын мэриясынын имаратынын, балдар спорт мектебинин күзөтчүлөрүнө түнкү убакыт үчүн - 50%, нормацияланбаган жумушчу күн үчүн.
13. «Акылай», «Байчечекей», «Наристе» жана «Кемин-Касиет» мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде бир балага тамак-аш азыктары ата-энелердин салымы айына 1600 сомдон бекитилсин.
14. Кемин №1 орто мектеби, Кемин №2 орто мектеби, Кемин №3 орто мектеби жана "Нур" орто мектеби окуучуларын тамак-аш менен камсыз кылууга жергиликтүү бюджеттен бир балага күнүнө 5 (беш) сомдон каржылоону бекитилсин.
15. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кемин шаарынын мэри К.З.Абдывалиевге жүктөлсүн.

Төрага Т. Кулназаров